УДК 130.3
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-133-138

**Урманбетова Жылдыз Карыбаевна, Суйунова Мира Доорановна**
Кыргыз-Түрк Манас университети, философия илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз-Түрк Манас университети, философия бөлүмү, магистрант
**Урманбетова Жылдыз Карыбаевна, Суйунова Мира Доорановна**
Кыргызско-Турецкий университет Манас, доктор философских наук, профессор,
Кыргызско-Турецкий университет Манас, отделение философии, магистрант
**Urmanbetova Zhyldyz Karybaevna, Suiunova Mira Dooranovna**
Kyrgyz-Turkish University Manas, Doctor of Philosophy, Professor,
Kyrgyz-Turkish University Manas, department of Philosophy, master's student

# ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ДООРУНДАГЫ «МЕН» МАСЕЛЕСИ
# ПРОБЛЕМА «Я» В ЭПОХУ СОВРЕМЕННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ
# THE PROBLEM OF THE SELF IN AN AGE OF MODERN TECHNOLOGIES

**Аннотация:** Заманбап технологиялар өнүккөн сайын адамдын “мен” маселеси да курч суроого айланууда. Заманбап технологиялардын дооруна чейин адамдар реалдуулукту өздөрү таанып, өздөрү баалап келгендиктен, адамдын бул дүйнөдөгү ээлеген орду жана адам-дүйнө мамилеси да адамдын таанымына жараша аныкталып келген. Бардык философиялык ой жүгүртүүлөр, адамдын чыгармачылыгы, адептүүлүк мыйзамдары адамдын гана баа берүүсү менен өнүгүп келген. Ал эми заманбап технологиялардын өнүгүүсү менен бирге, дүйнөнү таанунун адамдыкынан башка жолдору бар экендиги ачыкка чыгууда. Заманбап технологиялардын жардамы менен дүйнө таануу, реалдуулукту изилдөө жана аны кабыл алуу мүмкүнчүлүгү адамдын дүйнө таанымынан, изилдөө ыкмасынан, кабыл алуусунан кыйла кеңири, кыйла терең экендиги аныкталууда. Демек, технологиялардын өнүгүү траекториясы менен адамдын “мен” маселеси терең байланышта каралуусу зарыл болууда. Бул болсо жеке адам, жалпы коом, философия жана келечек үчүн негиздүү маселелердин бирине айланууда. Азыркы технологиялардын таасири алдында адамдын “мен” маселеси жаңы өңүттөн каралып, өзүнчө изилдөөлөрдү талап кылууда. Мындан улам, бул макалада учурдагы тенденциялардын негизинде адамдын “мен” маселесине философиялык жана социалдык өңүттөн кароо аракети жасалды.

**Аннотация:** С развитием современных технологий проблема “я” человека становится всё более острым вопросом. Так как до эпохи современных технологий люди сами познавали реальность и сами её оценивали, то и место человека в этом мире и отношение человек-мир определялись в соответствии с человеческим познанием. Все философские размышления, человеческое творчество, законы нравственности развивались исключительно благодаря человеческой оценке. А с развитием современных технологий становится очевидным, что есть и другие способы познания мира, кроме человеческого. Становится очевидным, что способность познавать мир, изучать реальность и воспринимать её с помощью современных технологий значительно шире, значительно глубже, чем способы познания мира, метод исследования, восприятие человеком. Следовательно, необходимо, чтобы траектория развития технологий и проблема человеческого “я” рассматривались в глубокой связи. И это становится одним из основных вопросов для человека, общества в целом, философии и

будущего. Под влиянием современных технологий проблема человеческого “я” рассматривается с новой точки зрения и требует отдельного исследования. В этой статье делается попытка взглянуть на проблему человеческого “я” с философской и социальной точек зрения на основе текущих тенденций.

**Abstract:** As modern technology is developing, the problem of the human self is becoming more and more of a pressing issue. Since, before the age of modern technology, humans themselves cognized reality and evaluated it, the place of man in this world and the human-world relation were determined in accordance with human cognition. The entirety of philosophical thinking, human creativity, and the laws of morality were developed solely through human cognition. But with the development of modern technology, it is becoming evident that there are other ways of knowing the world than just human. It becomes evident that the ability to know the world, to research the reality and perceive it with the use of modern technology is much broader, much deeper than the ways of knowing the world, the method of research, human perception. Consequently, it is essential that the development trajectory of technology and the problem of the human self be considered in a profound connection. This becomes one of the main questions for the human being, for society as a whole, for philosophy, and for the future. With the influence of modern technology, the problem of the human self is seen from a new perspective and requires a separate research. This article is an attempt to look at the problem of the human self from a philosophical and social perspective based on current tendencies.

**Негизги сөздөр:** заманбап технологиялар, заманбап технологиялардын доору, адамдын “мен” маселеси, коом, жасалма интеллект, философия, социология.

**Ключевые слова:** современные технологии, эпоха современных технологий, проблема “я” человека, общество, искусственный интеллект, философия, социология.

**Keywords:** modern technologies, age of modern technologies, problem of human self, society, artificial intelligence, philosophy, sociology.

**Киришүү.** Ар бир тарыхый доор өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ, заманбап мезгил да анык бир нукта өнүгүүсү зарыл. Доор өзгөчөлүктөрүнүн ички мүнөзү болсо адамдын «мен» дегенинин негизинде жаралат, ошондон улам азыркы адам кандай маани-маңызга ээ деген суроо объективдүү көрүнүш болуп сезилет. Адамдын жеке сапаттары, карама-каршылыктуулугу коомдук өзгөрүүлөргө алып келгени да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Демек, коомдук өнүгүү татаал жана системалуу, ал эми коомдук өзгөрүүлөр уламдан улам жаңы маселелерди ортого алып чыгып, алардын чечилишин көздөп турат. Бул макалада адамдын “мен” маселеси менен коомдук өзгөрүүлөр алдыңкы суроо катары коюлат.

**Заманбап дүйнөдөгү «мен» түшүнүгү**

Азыркы биз жашап жаткан доордун түрдүү аталыштары бар. Алардын ичинде – “индустрия доору”, “кеч капитализм”, “илимий-техникалык цивилизациянын доору”, “атомдук доор”, “маалыматтык коом доору”, “доорлорду жаратуу доору”, “функционалдык дифференциация заманы”, “постконвенционалдык доор”, “постмодерн”, “нью эйж” жана башкалар. Бул аталыштардын көптүгү чындыгында доорубуздун аты жоктугун билдирет. Мындан улам биздин замандын ориентациялык кризиске кабылгандыгы көрүнөт. Натыйжада дүйнөгө карата жатыркоого кабылган доор жөнүндө сөз болууда [6]. Мындан улам “тахогендик (улам ылдамдаган) жатыркоо” пайда болууда – өзгөрүүлөр барган сайын жашообузга бат кирип, кайра бат эскирүүдө, ал эми турмуштагы тажрыйбалык билим болсо

теориялык гана маалыматка айлангандыгы – өмүр бою окууга алып келүүдө. Мунун баары бизди жаш баладай абалга алып келүүдө, биз реалдуулук менен фикциянын чегин билбей калдык. Демек, априордук ой жүгүртүү жана иллюзиялар көбөйүүдө. Адамдар дайыма улам жаңы көндүмдөргө ээ болууга, улам чоң көлөмдүү жаңы билим алууга мажбур болуп калды. Бул болсо адамдын эрезеге жетишине тоскоолдук жаратууда.

Ушундай заманбап технологиялардын доорунда улам жаңы терминдер жана түшүнүктөр пайда болуп, ар тараптуу кызуу изилдөөлөргө негиз салууда: жасалма интеллект, анын ичинде универсалдуу жасалма интеллект (AGI – Artificial general intelligence), технологиялык медиация, адам-технология мамилеси (human-technology relations) [2, 1-9], постгуманизм, постгуманисттик этика, критикалык постгуманизм, трансгуманизм, актант, дигиталдык субъект, ойноочу каарман (PC – player character – ойноп жаткан адам), ойноочу эмес каарман (NPC – non-player character – оюндагы даяр каарман), корпоратократия, көзөмөл капитализм (surveillance capitalism) [3, 1-3], диджерати, инфлюенсер, метагуманизм, биоэтика, нейроэкономика жана башкалар. Бул түшүнүктөр адамдын “менине” жаңы маани берүүдө.

Заманбап технологиялардын өнүгүүсү менен бирге, технологиялардын таасири алдында адамдын “мен” маселеси барган сайын трансформацияланып, актуалдуу жана дароо эле курч маселеге айланып, өзүнчө илимий изилдөө тармагы катары бөлүнүп, терең изилденип келет. XXI кылымдын адамы болуу деген түшүнүктүн мааниси кандай? Адамдын “мени” өз маанисин жоготуп баратабы же жаңы маанини ташый баштадыбы? Дегеле адамдын “менин” адам өзү аныктоодобу же мындан ары аны технологиялар аныктоодобу? Сократтын “өзүңдү таанып-бил” деп айтканы учурда жаңы мааниге ээ болууда. Адамдын “мен” маселеси да өз маанисин өзгөртүүдө. Заманбап технологиялардын доорундагы адам азыр ойгонгондо дароо техниканын экранына үңүлүп, соцтармактарга алгачкы саатын сарптаганга көндү. О.Шпенглер айткандай, “Дүйнөнүн башкаруучусу (адам) машинанын кулу болуп калды. Аны да, бизди да, баарыбызды, билебизби, билбейбизби, каалайбызбы, каалабайбызбы, техника тарабынан багытталган жол менен барууга мажбурлайт» [6, 486]. Адамдын өз жашоосунун маңызын жана максатын издөө мындан ары табигый касиет болбой калды, анын ордуна адамдар чыныгы реалдуулуктан виртуалдуу реалдуулукка, оюндарга качуу же соцтармактарда идеалдуу жашоосун куруу көндүмүн жаратты. Компьютер жана телефон болсо маданий символго айланды. Ш.Зубоффтун айтымында адамдын көндүмдөрүн, кыймыл-аракетин жасалма интеллект аркылуу изилдөөнүн чыныгы максаты – бул адам тажрыйбасына сырьё катары кароо – натыйжада көзөмөл капитализмин жаратты. Себеби адам тажрыйбасы коммерциялык прогноздоо, сатуу үчүн изилденет. Демек адамдын күнүмдүк кыймыл-аракетин чогултуп, сактап, көзөмөлдөп, аны көбүрөөк сатып алууга жана керектөөгө багыттаса болот. Ушул максатка жетүү үчүн веб-дизайн арбын колдонулуп келет. Бул дизайн “мени ойлонгонго мажбур кылбагыла” принцибин колдонот [4, 29-33]. Демек, жеке адамдын күнүмдүк чечимдери коддолгон алгоритмге айланып, адамдын өз чечимдери эмес, жасалма интеллекттин чечимдерине айланды. Адамдын “мен” маселеси философиялык, социалдык түшүнүктөн “керектөөчү”, “ээрчиме керектөөчү” түшүнүгүнө айланды. Адамдын “мени” санарип код маанисин берип калды. Адамдын “мени” өз тандоо эркиндигин жоготту. Технологиялардын коомго болгон терс таасири катары коомдогу адамдын күнүмдүк көндүмдөрүнүн, кыймыл-аракетинин, кабыл алынган чечимдеринин көзөмөлдөө жана багыттоо менен бирге маркетинг аркылуу башкарылып калгандыгын,

технологолиярдын коомдогу жүрүм-турумду терс өзгөрүүлөргө алып келгендигин, коомдун үйүр катары башкарылып, адам коомчулугунун жүзү таптакыр башкача касиеттерди кабыл алгандыгын аныктасак болот. Адам жөнүндө жеке маалыматтын баары укуктук жактан корголбостон, жеке корпорациялардын менчигине айланып, кайра товар катары сатылып калды. Ал эми корпорациялардын жеке маалыматы укуктук жактан корголуп калды. Бул күч "инструменталдык күчкө", тоталитаризмден да коркунучтуу күчкө айланды. Себеби, технологиялык прогресстен күтүлгөндөй, бул технологиялар климаттын өзгөрүүсүн, рак оорусун, жалпы дүйнө коомунун алдында турган глобалдык маселелерди чечүүгө багытталган эмес, коом жашоосун, адам өмүрүн узартууга, пластик жана башка айлана-чөйрөгө зыян өндүрүштү токтотууга багытталган эмес. Тескерисинче, дүйнөнүн эң акылдуу адамдары жана дүйнөдөгү эң чоң капитал жөн гана коомдун көңүлүн бул курч маселелерден көңүл ачуучу контентке, керексиз маалыматтын көчкүсүнө улам буруада. Коомдо бул глобалдык маселелерге бара-бара туруктуу кайдыгерлик түптөлүүдө. Бул болсо эпистемикалык теңсиздикти, эпистемикалык адилетсиздикти жаратууда. Заманбап технологиялар билгизбестен- байкатпастан коомдун жүрүм-турумун терс модификациялоо үчүн колдонулууда. Мындан улам коомду басып алуу доору келүүдө. Адам коомунун адамдык касиеттери жоголууда. Технологияларга үңүлүп, адамдар коомдук баалуулуктарды четке кагууда. Коом – коом болуудан качууда.

Адамдын "мени" өзүнө-өзү жетиштүүбү же

Ошол эле учурда Э. Гуссерлдин, М.Хайдеггердин, М.Мерло-Понтинин технология философиясын жолдогон П.Вербектин айтымында социалдык жактан жоопкерчиликтүү жүрүм-турум дизайны этикалык жактан туура, себеби ал адамдын проблемаларын жалаң практикалык түрдө чечүүдө. Мисалы, оорунун айынан өзү тамактана албай калган пациенттер үчүн акылдуу биокол же баса албай калган пациенттер үчүн акылдуу биобут даярдалса, ал пациенттердин адамдык намысы, кадыр-баркы сакталып, башкалардан көз карандысыздыгы камсыздалат. Мындай технологиялык-этикалык жактан акылдуу дизайн ар тараптан жабыркаган адамдар жөнүндө кам көрүүгө жардам берет. Бул учурда технологиялык каражаттар адамдардын дүйнөнү кабыл алуусуна оң таасирин берет. Бул технологиялык медиация деп аталат. Ал эми Д. Айдинин инструменталдык реализми [5, 136] адамдын "менин" күзгү катары кароодон баш тартып, технологияларды болсо адамдын дүйнөнү кабыл алуусунун катышуучусу жана адам менен дүйнөнүн ортосундагы ортомчу катары карайт.

Заманбап технологиялардын доорунда адамдын "мен" маселеси оң жана терс таасирлерге дуушар болуп, түрдүү чакырыктарга жана перспективаларга алып барууда. Мындан улам, өз "менин" аныктоого, таанып-билүүгө умтулган адам үчүн технологиялык каражаттар жакшы жардамчы боло алат, ал эми технологиялык каражаттарды чыныгы реалдуулуктан качуу үчүн же көңүл ачуу үчүн колдонгон адам үчүн технологиялык каражаттар өз "менин" терс таасирге учуратат. Натыйжада, адам "мени" технологиялар менен мамиле куруу аркылуу толукталып, чыныгы гумандуулуктун жаңы деңгээлине жеткире алат.

Мунун негизинде, адамды адам катары белгилеген аң-сезим категориясы алдыга чыгууда. Заманбап мезгилдин адамы "таркалган аң-сезимге" ээ, ошондон улам мындай көрүнүш коомдук өнүгүүдө да өз терс натыйжаларын берет.

**Заманбап дүйнөдөгү коомдук өзгөрүүлөр**

Адам – коомдук субъект болгону объективдүү жана логикага жаткан көрүнүш. Эгерде учурдун адамы таркалган аң-сезимге ээ болсо, анда коом кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн деген маселе жаралат. Коомдун маани-маңызы тарыхый доордун негизинде каралышы зарыл. XX кылымдан тарта бийик технологиялар алдыга чыгып, адамзаттын бир гана көрүнүшүнө эмес, ички мазмунуна айланганы объективдүү окуя катары өз ордун ээледи. Философтордун көпчүлүгү XX кылымдын мүнөздүү өзгөчөлүгү катары техниканы көрсөтүп, аны – доордун мүнөзү, жаны катары көрсөтө башташканы бекеринен эмес. Мындай цивилизациялык өнүгүү адамзатты жалаң гана прогресске алып келбестен, буга чейин болуп көрбөгөн терең маданий кризиске алып келгенин да баса белгилешет. О.Шпенглер айткандай, “Маданият өзүнө өмүрдүн жасалма формаларын камтып, өзүн уяга салып койгондой” [6, 476]. Аталган өзгөрүүлөрдөн улам инсан менен массанын ортосундагы трагедия күч алууда. Техниканын трагедиясы – бул адамдын жандык талабынан калыптанган ички башат тарыхый убакыттын агымы менен өзүнүн өз алдынча жашоосуна ээ болгонунда. Ошол эле О.Шпенглердин айтымында, “Техника эзотерикалык мүнөзгө ээ болуп калды. Демек, машина символго айланды” [6, 487-488].

XXI кылым технологиялык детерминизмди аябагандай бийик деңгээлге алып чыкты. Натыйжада, коом бир матрицага айлангандай сезилет. Ар бир тарыхый доор өзүнүн борбордук парадигмасына ээ болушу зарыл, себеби философиялык маанини өзүнө камтыган баалуулуктардын системасы доордун негизин түзүп, коомдун ичиндеги өз ара байланышынын маани-маңызын белгилеп келет. Жашоонун ар бир баскычында кандайдыр бир жаңылануу болуп турат. Ошону менен бирге тарыхый өнүгүүдө маданияттын да өзгөчө өзөгү болушу ыктымал, болбосо маданият кризиске учурайт. Мындай көрүнүш XX кылымды чагылдырууда. Г.Зиммель белгилегендей, “заманбап карама-каршылык – бул жашоо менен рухтун трагедиялуу конфликти” [7, 508]. Азыркы мезгил бул парадигмасын дагы эле алдыга чыгара элек, ошондуктан технологиялар маданияттын жанына айланып кеткендей. Бирок мындай көрүнүш көпкө созулушу мүмкүн эмес, анткени акыр-аягында сөзсүз түрдө конфликттин кандайдыр бир натыйжасы болот.

Жыйынтап айтканда, учурдагы технологиялык прогресс коомдогу өзгөрүүлөрдү сырткы көрүнүш катары гана көрсөтүүдө. Бул өзгөрүүлөрдүн ички маани-маңызы болсо жатыркоо феномени менен бирге дискреттүлүктүн алдыга чыгышын чагылдырууда. Глобалдуу негиз катары ааламдашуу белгиленсе, анын карама-каршылыктуу багытын идентификация процесстери түзүүдө; бул эки тенденция дүйнөнү, анын ичинде коомдук өнүгүүнүн карама-каршылыктуулугун ачып, көрсөтүп берүүдө. Кайсы коомду албайлы, андагы бөлүнүү процесстери эң негизги контекст болгондугу сезилет. Демек, өзүн-өзү аныктоо маселеси адамдын өзүнүн түпкүрүндө аябагандай көп формаларды туудурууда. Алардын ичинде жарандык, улуттук, этникалык, диний, маданий, саясий, социалдык жана башка өзүн-өзү аныктоо түрлөрү бар; ар бири өзгөчө касиеттерге ээ болгону менен, бири-бири менен тыгыз байланышта турат.

Демек, коомдун өнүгүүсү дайыма карама-каршылыктуу деп айтууга болот. Мындан улам XX кылымдын экинчи жарымынан баштап синергетика феномени алдыга чыкты. Башкача айтканда, коомдук түзүлүштүн, анын өзгөрүүсүнүн, өнүгүүсүнүн негизги касиети катары буга чейин анык бир мыйзам ченемдүүлүктөр болсо, учурда анын ордуна кокустук ортого чыкты. Азыркы коомдук жашоо кандайдыр бир хаостун негизинде жүрүп жатканы да бара-бара түшүнүктүү болгондой. Хаос байыркы доорлордо чыгармачыл күч катары

бааланган. Ал эми заманбап хаос учурдагы коомдук өнүгүүнүн негизги маселесин өзгөрткөндүгү жөнүндө кабар берүүдө. Андыктан, тарыхый доордун философиялык парадигмасы ачык-айкын аныкталганда гана хаос чыгармачыл касиетке ээ болуп, коомдук өнүгүү да анык бир багытка ээ болуусу мүмкүн.

**Корутунду.** XXI кылым – заманбап технологиялардын кылымы катары жаңы чакырыктарга жана жаңы коркунучтарга алып келүүдө. Аларга жоопту бир гана адам баласы эмес, коомдор, улуттар, мамлекеттер, маданияттар да берүүсү зарыл. Баарыбызга белгилүү болгондой, азыркы коом чоң сыноонун алдыда турат. Коом тарабынан кандай жооп берилээри, кандай жаңылануударга дуушар болоорубуз субъективдүү көрүнүштөр жана объективдүү шарттар аркылуу далилденет. Демек, коомдун өз калыбына келүүсү үчүн философиялык парадигманын иштелип чыгышы менен бирге практика жүзүндө жаңы байланыштарды түзүп, анык бир жолго түшүү зарылдыгы күч алууда.

**Колдонулган адабияттын тизмеси:**

1. Марквард О. Эпоха чуждости миру? https://strana-oz.ru/2003/6/epoha-chuzhdosti-miru (27.10.2022)
2. Rosenberger R., Verbeek P. (eds.). Postphenomenological Investigations: Essays on Human-Technology Relations, Lexington Books, 2015. Pp. 1-9
3. Зубофф Ш. Эпоха надзорного капитализма. Битва за человеческое на новых рубежах власти. (пер. Васильева А.Ф.), Издательство Института Гайдара, 2022, с.1-3
4. Круг С. Не заставляйте меня думать. Издательство “Э”, Москва, 2017. Сс. 29-33
5. Ihde D. Instrumental realism: the interface between philosophy of technology and philosophy of science. P. 136.
6. Шпенглер О. Человек и техника//Культурология. XX век: Антология. 1995. С.476
7. Зиммель Г. Конфликт современной культуры //Избранное. Т.1. С.508.

**References:**

1. Marquard O. The era of alienness to the world? https://strana-oz.ru/2003/6/epoha-chuzhdosti-miru (27.10.2022)
2. Rosenberger R., Verbeek P. (eds.). Postphenomenological Investigations: Essays on Human-Technology Relations, Lexington Books, 2015. Pp. 1-9
3. Zuboff Sh. The era of supervisory capitalism. The battle for humanity on the new frontiers of power. (A.F. Vasilyev Lane), Gaidar Institute Publishing House, 2022, pp.1-3
4. Krug S. Don’t make me think. Publishing House “E”, Moscow, 2017. Ss. 29-33
5. Ihde D. Instrumental realism: the interface between philosophy of technology and philosophy of science. P. 136.
6. Spengler O. Man and technology//Cultural studies. The twentieth century: An Anthology. 1995. P.476
7. Simmel G. The conflict of modern culture //Favorites. Vol.1. p.508.